**Ысык-Ата районундагы К.Маликов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин ишмердүүлүкторүнүн жыйынтыктарынын анализи 2018-2019-окуу жылы**

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Мекеменин аталышы:** К.Маликов атындагы орто мектеби | | | |
| **Анализдин багыттары** | | | |
| **Билим берүү мекемесинин ресуретук базасы** | ***Китепкана фонду*** | *Окуу китеби - 3755 даана* | *Корком адабият китеби- 780 даана* |
| | ***Педагогикалык кадрлардын курамы:*** | 19 - мугалимдер | 15 -жогорку билимдүү<br>1 -бакалавр<br>2 -атайын орто билим<br>1 -бүтпогон жогорку |
| | ***Окуучулардын контингенти:-*** | ***Баштапгыч мектеп*** | 85 |
| | | ***Ортоңку баскыч (5-9-класстар)*** | 75 |
| | | ***Жогорку баскыч (10-11-класстар)*** | 21 |
| | ***Класс-комплектисинин саны:*** | ***Баштапгыч мектеп*** | 6 |
| | | ***Ортоңку баскыч (5-9-класстар)*** | 5 |
| | | ***Жогорку баскыч (10-11-класстар)*** | 2 |
| **Тарбия иштеринин анализи** | ***Иштин багыттары:*** | Мектепте 2018-2019-окуу жылында тарбия иштери томондогү багытта жүргүзүлдү:<br>1. Адеп-ахлактуулукка тарбиялоо.<br>2. Эстетикалык тарбиялоо<br>3. Эмгекке тарбиялоо<br>4. Ден соолукту чыңдоо<br>5. Патриоттуулукка тарбиялоо<br>6. Окуучулардын озүн-озү башкаруу уюмун оркүндотүү<br>7. Укук бузуучулуктун алдын алуу<br>8. Кесипке багыт берүү | |
| | ***Тобокел тобу:*** | ***Жашы жете элек оспүрүмдор (ИДН) каттоосунда*** | - |
| | | ***Мектептин каттоосунда*** | 2 |
| | ***Ийримдер: 2 (окуучулар) 66*** | ***спорттук*** | 1 |
| | | ***корком*** | 1 |
| | | ***предметтик*** | - |
| | ***Мектептик иш – чаралар:*** | Тарбиялык иш-чараларды бардык педагогикалык жамаат жана тарбия кызматы ишке ашырды, алар:ТИ боюнча мүдүрдүн орун басары – Шабданбекова В.Ч., кл. жетекчилер, дене тарбия мугалимдери.<br>2018-2019- окуу жылында тарбиялык иш чара-ларды анализден, жүргүзүлгон иштерге токтолсок: <u>Адеп-ахлактуулукка жана эстетикалык тарбиялоо.</u> Жыл ичинде класс жетекчилер "Укук бузуунун | |

алдын алуу", окуучулардын жүрүм-турум эрежесп, укук жана милдет, сабырдуулук боюнча класстык саатгар отүп, мектепте откорулгон иш-чараларга , "тобокел тобундагы" балдарды тартышып, системалуу иш алып барышты.Жыл сайын мектепте алдын алуу кеңешмеси шайланат. Кеңешменин курамына: ата-энелер комитетинен бир мүчө,ТИ боюнча мүдүрдүн орун басары, мектеп парламентинин башчысы кирет. Кеңешме озүнүн биринчи иш планын бекитти.Бекитилген пландын негизинде томондогудой иштер аткарылды:

-Татаал жана тобокел тобундагы окуучулар аныкталды;

-Тобокел тобундагы окуучулардын ата-энелери менен жолугушууларды откорду:

-Ар бир жуманын экинчи күнү окуучулар арасында укук бузуучулуктун алдын алуу күндору откорулүп, ал күнү ар кандай маселелер талкууланат, дубал газета чыгарылат.

-Айына бир жолу укук бузуунун алдын алуу кеңешмеси озүнүн отурумуна чогулуп, ар кандай маселелерди карап, талкууланат. Укук бузуунун алдын алуу кеңешмесинин отурумдары протоколдонуп, журналга түшүрүлдү.

Мектептик кеңешме укук бузуунун алдын алуу боюнча натыйжалуу иштоо максатында ЖӨИБ инспектору менен биргеликте жылдык план түзүлүп, ал план Ысык-Ата райондук ИИБ башчысы жана мектеп мүдүрү тарабынан бекитилген. План боюнча окуучуларга жана эмгек жамаатына укуктук лекциялар, рейдлер, укук бузуунун алдын алуу боюнча класстык саатгар, тематикалык сүйлошүүлор откорулду.

Мектепте откорулгон салттуу иш-чаралар: Билим күнүно арналган салтанаттуу тизим, мамлекеттик тил күнү, күз майрамы, карылар күнү, мугалимдер күнү, жаңы жылдык балаты, 23-Февраль- Ата Мекенди коргоо күнү,8-Март – аялдардын Эл аралык күнү, Улуу жеңиштин 74 жылдыгы.

Жыл ичинде жалпы мектеп боюнча бирдей тематикалык класстык саатгар өткорулду.

1. 1-сентябрь – Билим күнү
2. Окуучулардын өздүк гигиенасы, техника жана коопсуздук эрежелери.
3. "Өрт – тилсиз жоо".
4. 23-сентябрь – мам лекеттик тил күнү.
5. Карысы бардын -- ырысы бар.
6. Мугалим – мөмөлүү дарак.
7. Жолдо сак бол!
8. Экстремизмге жол жок.

| | | |
|---|---|---|
| | | 9. СПИД – XXI кылымдын чумасы<br>10. Тамеки, насвай жана наркотикалык заттардын зыяндуулугу.<br>11. Коррупция.<br>12. Ч.Айтматов – залкар жазуучу<br>13. Мен жана менин укугум.<br>14. Тазалык жана тартип.<br>15. "Терроризм жана диний экстремизм"<br>16. Грипптен сактан.<br>17. Кургак учук – коркунучтуу дарт.<br>18. Гендер деген эмне.<br>19. Адеп жана анын мааниси.<br>20. Гепатиттин алдын алуу.<br>21. 5-Май – Конституция күнү.<br>22. 9- Май - Улуу жеңиштин 74 жылдыгы<br>23. Ар бир кесип ардактуу.<br>Жыл ичинде мектепте ар кандай конкурстар, сүрөт көргөзмөсү, дубаан жана рефераттардын конкурсу өткөрүлүп турду.<br>Ден соолукту чыңдоого тарбиялоо.<br>2018-2019-окуу жылында ден соолукту чыңдоо жана саламаттыкты сактоо жаатында К.Маликов атындагы орто мектебинде төмөндөгүдөй иш-чаралар өткөрүлдү: Ар жума сайын айылдын фельдшери тарабынан окуучулардын өздүк гигиенасын текшерилип, эмдоолор өз убагында салынды. Мектепте медициналык кабинет жок, айылдык ФАПка каралат. Айылдык ФАПтын фельдшери Сатымкулова Г. ай сайын келип лекцияларды окуп, аңгемелешүүлөрдү өткөрүп турду.<br>Патриоттуулукка тарбиялоо.<br>Патриоттуулукка тарбиялоо боюнча К.Маликов атындагы орто мектебинде төмөндөгүдөй иш-чаралар өткөрүлдү:<br>-Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнүн 28 жылдыгы.<br>Мектеп боюнча атайын чыгарылган буйруктун негизинде план түзүлүп, ошол план боюнча класстык сааттар өтүлдү. Айылда өткөрүлгөн эгемендик күнүнө арналган майрамга мектеп окуучулары тарабынан даярдалган концерттик программа көрсөтүлдү. Программаны тарбия иштери боюнча мүдүрдүн орун басары – Шабданбекова В.Ч. даярдады. Окуучулардын койгон концерти айыл тургундарынын көңүлүнө толуп жана алар өз ыраазычылыктарын айтышты.<br>1-сентябрь "Билим күнүнө" карата мектепте салтанаттуу тизим өткөрүлүп, биринчи коңгуроо кагылды. Билим күнүнө арналган "Менин кичи мекеним", "Биз тоо арасында жана өрөөндүү тоолордо жашайбыз", "Адамга жол айылдан башталат деген темаларда ачык тарбиялык сааттар |

| | | |
|---|---|---|
| | | өткөрүлдү.<br>23-сентябрь – мамлекеттик тил күнүнө карата класстык сааттар, атайын сабактар, көрком окуу өткөрүлдү жана дилбаян, жат жазуулар жаздырылды. Ошондой эле сүрөт көргөзмөсү уюштурулду. Райондук мектептер аралык өткөрүлгөн "Сармерден" конкурсуна төмөнкү мугалимдер катышышты: башт.класстын мугалими – Карыбекова А.Э., англис тили мугалими – Чортонова Н.Т., дене тарбия мугалими – Сапарбеков Т.С. катышты жана кол өнөрчүлүк көргөзмөсү уюштурулду.<br>Октябрь айында карылар күнүнө карата "Ар үйдө ак сакалдуу кары болсун" деген темада тарбиялык сааттар өтүлдү. Жардамга муктаж болгон кары адамдарга "Тимурчулар" тобу жардам көрсөтүштү. Ошондой эле мугалимдер күнүнө арналган майрамдык концерт өткөрүлдү.<br><u>Окуучулардын өзүн-өзү башкаруу уюму.</u><br>К.Маликов атындагы орто мектебинде балдардын уюму түзүлгөн. Уюмдун президенти 11-класстын окуучусу- Турсунбеков Эмират. Сентябрь айында өзүнүн курамын толуктап, иш пландарын түзүшкөн жана ошол түзүлгөн план боюнча иш алып барды.<br><u>Укук бузуунун алдын алуу.</u><br>Мектепте укук бузуунун алдын алуу боюнча ЖОИБ инспектору менен биргеликте жылдык план түзүлүп, бекитилген. ЖОИБ инспектору жана мектептин ТИ боюнча мүдүрдүн орун басары ар экинчи күн сайын жаш өспүрүмдөр менен ушул темада иш алып барып турду. Сабакты көп калтырган окуучу жок.<br><u>Кесипке багыт берүү.</u><br>К.Маликов атындагы орто мектебинде кесипке багыт берүү боюнча "Ар бир кесип ардактуу" деген темада класстык сааттар өткөрүлдү.<br>"Терроризм жана диний экстремизм", "Баткен окуясы", "ВИЧ СПИД", "Манас күнү" деген ж.б. темаларда класстык тарбиялык сааттар өткөрүлдү жана сүрөт көргөзмөлөрү уюштурулду.<br>Ошондой эле мектепте "Жаңы муун" программасы боюнча ар кандай иш-чаралар уюштурулуп турат. Мектептик жана райондук деңгээлде түзүлгөн пландын негизинде иш-чаралардын баардыгы өткөрүлөт. Мисалы, мектепте окуучулар арасында өзүнө-өзү кол салуу, зордук-зомбулукту , мектеп рекетин токтотуу, окуу-тарбия процессин жакшыртуу жана тереңдетүү максатында, жаштар жана өспүрүмдөр арасында укук бузуучулукту токтотуу боюнча тиешелүү органдар менен биргеликтеги профилактикалык иштерди өткөрүп |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | турат. Бул боюнча мектепте ата-энелер чогулушу өткөрүлүп, укук бузуучулуктун алдын алуу жана ар кандай маселелер талкууланды.<br>Атайын буйруктун негизинде ар бир класста тарбиялык сааттар өтүлдү. Тартиби начар окуучулар менен иш жүргүзүү боюнча ар бир класс жетекчи, ТИ боюнча мүдүрдүн орун басары, соц.педагог жана милиция кызматкеринин катышуусунда үйлөргө рейд жүргүзүлдү. | |
| | ***Райондук иш-чаралар:*** | "Сармерден", "Сары Өзөн чолпондору" кароосынагына катышышты. | |
| | ***Областык иш-чаралар:*** | - | |
| | ***Окуучуларды социалдык колдоо:*** | Окуучулардык социалдык колдоо боюнча социалдык топтордогу балдарга ар кандай жардамдар көрсөтүлүп турат. Мисалы, акимчилик, губернаторлук уюштурган жаңы жылдык белек жиберилет.1-июнда Логвиненко айыл өкмөтү тарабынан майрамдык кече өткөрүлдү. | |
| | ***Ата-энелер менен иштөө:*** | Мектепте ата-энелер менен ар дайым иш жүргүзүлүп турат. Балдардын окуусу гана эмес, мектептин ар кандай көйгөйлөрүн чечүүдө да ата-энелер көмөк көрсөтүп турушат. Ар кандай иш чаралар, жолугушуулар өткөрүлүп турат. | |
| | ***Профориентациялык иштер:*** | 2019-жылдын 16-майында мектепте "Кесип тандоо" кечеси өткөрүлдү. Кечеге 9-,10-,11-класстын окуучулары катышышты.Кечеге мугалимдер жана биздин айылдан чыккан ар кандай кесип ээлери келишти. Кечени жүрүшүндө "Кесип адамдын эмес, адам кесиптин ажарын ачат" деген темада ойлор айтылып, аңгемелешүү, талкуу болду. Андан кийин ар бир катышкан меймандар өздөрүнүн эмгек жолдору жөнүндө айтып берип, ой бөлүшүштү.<br>Ошондой эле мектепке атайын техникалык жана жогорку окуу жайлардан студенттер, окутуучулар келип, окуу жайлар жөнүндө маалымат беришти. 2019-жылдын 23-апрелинде Ж.Баласагын атындагы КУУнен студенттер жана окутуучу – Бекбулатова А.Р. келип окуучуларга окуу жайы жана кесиптер тууралуу кеңири маалымат беришти. | |
| **Окуу-тарбия иштеринин анализи** | ***Мектеп боюнча окуучулардын жетишүүсү(окутуу кыргыз жана орус тилинде жүргүзүлгөн класстардын жыйынтыктарын бөлүп көрсөтүү):*** | ***отличниктер*** | 9 |
| | | ***ударниктер*** | 43 |
| | | ***канааттандыраалык*** | 86 |
| | | ***окуучу бир төрт менен*** | - |
| | | ***окуучу бир үч менен*** | 6 |
| | | ***жетишпеген*** | - |
| | | ***ББК (билим, билгичтик, көндүм) сапаты %*** | 38 % |
| | | ***Жетишүү %*** | 98 % |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | ***9-класстардын жыйынтык аттестациясы*** | Жалпы саны - 11<br>Бошотулду - 1 (МПМКнын аныктамасы менен)<br>Киргизилди – 10<br>Отличниктер – 0<br>Ударниктер -2<br>Жетишүү – 100 %; Билим сапаты – 18 %. | |
| | ***11-класстардын жыйынтык аттестациясы*** | Жалпы саны - 12<br>Бошотулду -<br>Киргизилди – 12<br>Отличниктер – 0<br>Ударниктер -3<br>Жетишүү – 100 %; Билим сапаты – 25 %. | |
| | ***Олимпиада*** | ***мектептик*** | 5 |
| | | ***райондук*** | - |
| | | ***Областык предметтик/ (аталышын берүү)*** | - |
| | | ***Республикалык предметтик/ башка республикалык (аталышын берүү)*** | - |
| | ***2018-2019-окуу жылындагы УТС, ЖРТ жыйынтыктары*** | **2018-2019-окуу жылында УТС жыйынтыктары төмөндөгүдөй болду:**<br><u>28.11.2018-ж. 9-класс.</u><br>Катышты 7 окуучу.<br>Математика 1 окуучу тандаган, жыйынтыгы – 4/-<br>Биология 3 окуучу тандаган, жыйынтыгы – 4/-, 5/-, 12/3<br>География 3 окуучу тандаган, жыйынтыгы – 10/-, 9/-, 7/-.<br>Тарых 5 окуучу тандаган, жыйынтыгы – 9/-, 7/-, 7/-, 7/-, 8/-.<br>Кыргыз тили 3 окуучу тандаган, жыйынтыгы – 13/3, 14/3, 12/-<br>Орус тили 1 окуучу тандаган, жыйынтыгы – 9/-.<br>Кыргыз тили(мамл.) 1 окуучу тандаган, жыйынтыгы – 13/3.<br><br><u>04.03.2019-ж. 9-класс.</u><br>Катышты 6 окуучу.<br>Математика 1 окуучу тандаган, жыйынтыгы – 5/-<br>Биология 1 окуучу тандаган, жыйынтыгы – 11/3.<br><br>География 3 окуучу тандаган, жыйынтыгы – 12/3, 12/3, 9/-.<br>Тарых 5 окуучу тандаган, жыйынтыгы – 10/-, 8/-, 6/-, 8/-, 7/-.<br>Кыргыз тили 2 окуучу тандаган, жыйынтыгы – 7/-, 9/-.<br>Орус тили 4 окуучу тандаган, жыйынтыгы – 12/-, 6/-, 2/-,5/-.<br>Кыргыз тили(мамл.) 2 окуучу тандаган, | |

| | | |
|---|---|---|
| | | жыйынтыгы – 16/3, 4/-.<br><br><u>29.04.2019-ж. 9-класс.</u><br>Катышты 7 окуучу.<br>Математика 1 окуучу тандаган, жыйынтыгы – 1/-<br><br>Биология 2 окуучу тандаган, жыйынтыгы – 6/-, 5/-<br><br>География 4 окуучу тандаган, жыйынтыгы – 11/3, 10/-, 6/-,13/3.<br><br>Тарых 4 окуучу тандаган, жыйынтыгы – 17/4, 14/3, 14/3, 16/4.<br><br>Кыргыз тили 4 окуучу тандаган, жыйынтыгы – 7/-, 5/-, 8/-, 22/4.<br><br>Орус тили 2 окуучу тандаган, жыйынтыгы – 11/-, 5/-.<br><br>Кыргыз тили(мамл.) 1 окуучу тандаган, жыйынтыгы – 19/4.<br><br><u>28.11.2018-ж. 10-класс.</u><br>Катышты 1 окуучу.<br>Математика 1 окуучу тандаган, жыйынтыгы – 7/-<br>Кыргыз тили 1 окуучу тандаган, жыйынтыгы – 15/3<br><br>Орус тили 1 окуучу тандаган, жыйынтыгы – 21/4.<br><br>04.03.2019-ж. 10-класс.<br>Катышты 1 окуучу.<br>Кыргыз тили 1 окуучу тандаган, жыйынтыгы – 16/3.<br><br>Орус тили 1 окуучу тандаган, жыйынтыгы – 14/3.<br><br><u>29.04.2019-ж. 10-класс.</u><br>Катышты 7 окуучу.<br>Физика 4 окуучу тандаган, жыйынтыгы – 4/-, 3/-, 3/-, 4/-.<br><br>Химия 1 окуучу тандаган, жыйынтыгы – 7/-,<br><br>Тарых 2 окуучу тандаган, жыйынтыгы – 5/-, 7/-.<br><br>Кыргыз тили 4 окуучу тандаган, жыйынтыгы – 12/-, 11/-, 17/4, 14/3.<br>Орус тили 1 окуучу тандаган, жыйынтыгы – 9/-,<br><br><u>28.11.2018-ж. 11-класс.</u><br>Катышты 4 окуучу.<br>Физика 1 окуучу тандаган, жыйынтыгы – 8/3.<br><br>Биология 3 окуучу тандаган, жыйынтыгы – 5/-, 6/-, 9/-.<br>Тарых 4 окуучу тандаган, жыйынтыгы – 8/-, 5/-, 3/-, 10/-. |

| | | |
|---|---|---|
| | | Кыргыз тили(мамл.) 1 окуучу тандаган, жыйынтыгы – 10/-.<br><br><u>29.04.2019-ж. 11-класс.</u><br>Катышты 11 окуучу.<br>Биология 9 окуучу тандаган, жыйынтыгы – 11/3. 15/4, 9/-, 10/-, 6/-, 13/3, 9,-,9/-,6/-.<br><br>Тарых 12 окуучу тандаган, жыйынтыгы – 13/3. 16/4, 9/-, 11/3, 14/3, 14/3, 4,-,13/3, 16/4, 16/4, 9/-.<br><br>Кыргыз тили 2 окуучу тандаган, жыйынтыгы – 10/-, 15/3.<br>Орус тили 1 окуучу тандаган, жыйынтыгы – 12/-.<br><br>**2018-2019-окуу жылында ЖРТ жыйынтыктары төмөндөгүдөй болду:**<br>2018-2019-окуу жылында 11-классты 12 окуучу бүтүрдү, ЖРТго 8 окуучу катышты<br>1.Азат кызы Алина<br>Негизги тест – 76 балл<br>Предметтик: математика – 27балл<br>химия -35 балл<br>биология – 33 балл<br><br>2.Акылбекова Нурайым<br>Негизги тест – 75 балл<br><br>3.Джаманкулова Жылдыз<br>Негизги тест – 124 балл<br>Предметтик: англис тили – 56 балл<br>химия -57 балл<br>биология – 72 балл<br><br>4.Рыскулова Ширин<br>Негизги тест – 113 балл<br>Предметтик: англис тили – 63 балл<br><br>5.Мирбек кызы Миранда<br>Негизги тест – 81 балл<br>Предметтик: биология – 53 балл<br><br>6.Султакеев Бекзат<br>Негизги тест – 87 балл<br>Предметтик: тарых – 46 балл<br>7.Качиева Назгуль<br>Негизги тест – 126 балл<br>Предметтик: англис тили – 54 балл<br><br>8.Жылдызбек кызы Анара<br>Негизги тест – 115 балл |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | *Долбоор ишмердүүлүгү* | *мектептик* | - |
| | | *райондук* | - |
| | | *областык* | - |
| Мектептин ички көзөмөлү | *Көзөмөлдүн багыттары:* | Окуучулардын сабакка катышуусу, үйдөн окутуунун абалы, бир "3" менен окуган, таланттуу балдар менен, сабакты начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөө, "тарбиясы оор" балдар менен иштөө:<br>2018-2019-окуу жылында мектепте 181 окуучу окуду, алардын ичинен 92 кыз.<br>Окуучулардын сабакка катышуусу жакшы, сабакты себепсиз калтырган окуучу болгон жок. Окуучу ооруп калганда, же ата-энеси суранганда гана калтырышат. Ооруп калган күндөрүнө мед.аныктамалары бар. Мектеп боюнча 3 окуучу аныктама менен окуйт (МППК), аныктамалары бар. Алар: 6-класста – Сатаркулова Р; 7-класста – Буласбеков С; 9-класста – Эшенов А. башка окуучулар сабакты себепсиз калтырышкан жок. Класс жетекчилер жана мектеп администрациясы буга көзөмөл кылып турат.<br>Бир "3" алган окуучулар менен атайын иш жүргүзүлүп турат. Класс жетекчилер, предметтик мугалим аларга кошумча тапшырмаларды беришет жана анын үстүнөн көзөмөл кылышат. Таланттуу балдар менен класс жетекчилер жана предметтик мугалимдер иш жүргүзүлүп турат. Бул боюнча атайын иш план түзүлүп ошонун негизинде иш жүргүзүлөт.Жүргүзүлгөн иштер көзөмөлгө алынып, жыйынтыктары жазылат. Ошондой эле таланттуу балдардын ата-энелери менен да иш жүргүзүлөт.<br>Сабакты начар өздөштүргөн окуучулар менен класс жетекчилер жана предметтик мугалимдер атайын иш жүргүзүшөт. Бул боюнча атайын иш план түзүлүп ошонун негизинде иш жүргүзүлөт. Сабакты начар өздөштүргөн окуучуларга алардын өз деңгээлине жараша тапшырмалар берилип, көзөмөлгө алынат. Ошондой эле бул окуучулардын ата-энелери менен да иш жүргүзүлөт. Бул окуучулар сабакта начар болгону менен мектептин ар кандай коомдук иштерине активдүү катыша алышат.<br>"Тарбиясы оор" балдар менен иштөө. Мектепте "тарбиясы оор" балдар менен иш жүргүзүлүп турат. Алардын ата-энеси менен аңгемелешүү өткөрүлүп, үй-шарты жөнүндө маалыматтар алынган. Мындай балдар ар дайым көзөмөлгө алынып турат. Алар менен тарбиялык, алдын алуу иштери жүргүзүлүп турат.Бу окуучуларды ар кандай спорттук мелдештерге жана башка ишчараларга катыштыруу иштери жүргүзүлүп турат. |

| | | |
|---|---|---|
| | ***Документтер менен иштөө:*** | Мектеп документациясы менен иш алып баруунун сапаты:<br>Техникалык коопсуздук журналы, сабактардын жүгүртмөсүнүн абалы, календардык-тематикалык план, сабактын план-конспектиси, мамлекеттик пландын аткарылышы, журналдар, окуучулардын күндөлүгү, алфавиттик китепче, окуучулардын өздүк делосу, окуучулардын келген, кеткен буйруктарынын аткарылышы, лабораториялык жана иш дептерлери, жазуу иштеринин нормага ылайык келиши, всеобуч.<br><br>Мектепте атайын окуучулар, мугалимдер жана чарба жумушчулары үчүн техникалык коопсуздук журналдары уюштурулган, тигилген, номерлери коюлган, мектеп мүдүрү тарабынан бекитилген. Техникалык коопсуздук эрежелери боюнча окуучуларга, мугалимдерге жана чарба жумушчуларына атайын тааныштырылып, үйрөтүлүп жана аларга жараша чыгарылган буйруктардын негизинде кол койдурулуп турат.<br>Сабактардын жүгүртмөсү санитардык-гигиеналык талапка жооп берет, предметтик мугалимдердин саат жүктөмүнө жараша түзүлгөн. 1-жарым жылдыкта, 2-жарым жылдыкта жана мугалимдер келип, кеткен учурларда шартка жараша өзгөртүлүп турат.<br>Календардык-тематикалык пландар окуу жылынын башында мамлекеттик окуу программасынын негизинде ар бир предметтик мугалим өз предметине ылайык түзгөн. ОТИ боюнча мүдүрдүн орун басары, УБнин жетекчилери тарабынан текшерилип,талкууланып, мектеп мүдүрү тарабынан бекитилген.<br>Сабактын план-конспектиси календардык-тематикалык пландын негизинде жазылат. Ар бир предметтик мугалим күн сайын сабактын план-конспектисин көрсөтүп, текшертишет. Мугалимдер сабактын план-конспектисин мамлекеттик стандарттын негизинде жазып жатышат жана аны сабакта колдонушат.<br>Мамлекеттик план окуу программасы ар бир предметтик мугалимдин сааттарына ылайык ар бир чейрекке бөлүштүрүлгөн.2018-2019-окуу жылында 3-жана 4- класста англис тили сабагы 2-жарым жылдыктан баштап өтүлгөн жок, себеби мугалим жумуштан чыгып кеткендигине байланыштуу, калган предметтер боюнча мамлекеттик план толук аткарылды.<br>Журналдар көрсөтмө боюнча толтурулган. Ар бир предмет туура бөлүштүрүлгөн. Бирок оңолдой болсо да журнал толтурууда каталыктар |

| | | |
|---|---|---|
| | | кетирилип кемчиликтер болду. ОІИ боюнча мүдүрдүн орун басары журналды ай сайын текшерип турду, кетирилген каталар боюнча эскертүүлөр берилип, журналдардын артына жазылган.Чейректик баалар, текшерүү иштер, жат жазуу, лабораториялык-практикалык иштер убагында өткөрүлүп баалары коюлган.<br>Окуучулардын күндөлүгү талапка ылайык толтурулган, сүрөттөрү чапталган, маршруттук баракчасы бар. Класс жетекчилер окуучулардын күндөлүктөрүн жума сайын текшерип турушат, баалары коюлган...<br>Алфавиттик китепче бар. Алфавиттик китепчеге ар бир окуучу киргизилген. Келген, кеткен окуучулар жөнүндө маалыматтар өз убагында жазылган.<br>Окуучулардын өздүк делолору бар, документтери толук, өздүк делого баалары жыл сайын коюлган, класс жетекчи, мүдүр тарабынан кол коюлуп, мөөрлөрү басылган. Ар бир окуучунун өздүк делосу атайын папкаларга салынган.<br>Келген, кеткен окуучулар боюнча атайын буйруктар чыгарылып, буйруктар китебине жазылат.Ошондой эле окуучулардын кыймылы жөнүндө отчёттор жазылып, ар бир чейректе РБББно өткөрүлүп турат.<br>Лабораториялык, практикалык иш дептерлери бар. Лабораториялык, практикалык иштер өз убагында текшерилген. Баалары коюлган жана журналдарга коюлган. Жазуу иштеринин нормалары талапка жооп берет.<br>Бардык балдар мектепке камтылган. Окубай калган окуучу жок. Жыл сайын август, январь, май каттоосу туура, так жүргүзүлүп турат жана бул боюнча РБББно отчёт берилип турат |
| **Илимий-усулдук иштин анализи** | ***Милдеттери:*** | • Мугалимдин билимин жогорулатуу боюнча кандайдыр бир теманын үстүндө иштөө<br>• Мугалимдерди курстан өткөрүүнү уюштуруу,семинарларды уюштуруу<br>• Жолдоштук сабактарга кирүү<br>• Ачык сабактарды уюштуруу<br>• Предметтик декадаларды уюштуруу<br>• Педагогикалык опыттарды жалпылоо<br>• Педагогикалык кадрларды аттестациядан өткөрүү<br>• Чыгармачыл мугалимдердин иш-тажрыйбасын жайылтуу.<br><br>Мугалимдердин билимин жогорулатуу боюнча мектепте ар кандай семинардык сабактар, декадалар өткөрүлөт. Андан тышкары мугалимдер |

| | | |
|---|---|---|
| | | район ичинде өткөрүлгөн семинарларга катышып турушат.<br>Мектеп администрациясы тарабынан мугалимдер билимин өркүндөтүү үчүн беш жылда бир курстарга жиберилип турат. 2018-2019-оку жылында эки мугалим барып келди.<br>Жолдоштук сабактарга катышуу боюнча мектепте жыл бою муглимдер бири-биринин сабактарына катышып турушту.<br>Мектепте ачык сабактар атайын пландын негизинде уюштурулуп, өткөрүлүп турду. Ачык сабакты ар бир предметтик мугалим өз предметинин негизинде өткөрөт. Ачык сабакка мектеп администрациясы, мугалимдер катышып, өтүлгөн сабакка анализ берип, өз сунуштарын айтышат.<br>Предметтик декадалар<br>Сентябрь – кыргыз тили – мамлекеттик тил декадасы<br>Октябрь- орус тили жана чет тили декадасы<br>Декабрь- башталгыч класстардын декадасы.<br>Январь- математика, информатика декадасы<br>Февраль – тарых, адам/коом декадасы<br>Март – география, биология декадасы<br>Мектеп мугалимдери бири биринин сабактарына катышып педагогикалык тажрыйбалары менен бири-бири менен бөлүшүп турушат. Ошондой эле райондук, областык семинарлага катышууда да өз тажрыйбаларын алмаша алышат.<br>Мектептин пед.кадрлары 2018-2019-окуу жылында аккедидациядан өтүштү.<br>Чыгармачыл мугалимдердин иш тажрыйбалары алардын ачык сабак өтүү учурунда жайылтылат жана анализденет. Мектепте чыгамачыл мугалимдердин катарына булар кирет: башталгыч класстын мугалими – Сыдыгалиева Г.А., Карыбекова А.Э., Мусаева Г.Т.,биология мугалими – Шабданбекова В.Ч., математика мугалими – Жылкыбаева А.Ж., тарых мугалими – Тентимишева Г.А., география мугалими – Бейшеналиева Ч.А. кирет |
| | ***Багыттары:*** | Предметтик сабактардын өтүлүшүнүн абалы, таланттуу балдар менен иш жүргүзүү, окуучулардын билим сапатына мониторинг жүргүзүү, чыгармачыл мугалимдер менен иштөө, жаш адистер менен иш жүргүзүү.<br>Предметтик сабактар календардык-тематикалык пландын, күндөлүк план-конспектинин негизинде өткөрүлөт. Ар бир предметтик мугалим өз предметине жоопкерчиликтүү сабак өтөт. ОТИ боюнча мүдүрдүн орун басары предметтик |

| | | |
|---|---|---|
| | | сабактардын өтүлүшүнө көзөмөл кылып турат. Ошондой эле мектеп администрациясы жана мугалимдер тажрыйба алмашуу жана усулдук жардам көрсөтүү максатында бири-биринин сабактарына катышып, анализ берип, сунуштарын айтып турушат. Талантуу балдар менен иш жүргүзүлүп турат. Бул иш боюнча окуу жылынын башында класс жетекчилер, предметтик мугалимдер талантуу балдарды аныктап, атайын план түзүп, ошол пландын негизинде иш алып барышат. Ар бир бир иши көзөмөлгө алынып, жыйынтыктары чыгарылып турат. Окуучулардын билим сапатына ар бир чейректе мониторинг жүргүзүлүп турат. Бул мониторинглер чейректик отчёттордо чагылдырылган. Ар бир предмет боюнча жана класстар боюнча билим сапатынын мониторингдери жүргүзүлөт. Жаш адистер менен иш алып баруу төмөндөгүдөй жүргүзүлөт: Ар бир жаш адиске насаатчы мугалимдер бекитилген. Алар атайын түзүлгөн пландын негизинде иш алып барышат. Жаш адистерге педагогикалык ишти алып кетүүсүнө усулдук жардам көрсөтүшөт. Мектептин иш кагаздары менен иштөөгө. Сабактын план-конспектисин туура жазууга, сабакты системалуу, структурасы менен туура өткөрүүгө ж.б үйрөтүшөт. |
| | ***Иштин формасы:*** | Тематикалык, класстык-жалпылоо, фронталдык, алдын алуу. |
| | ***Педагогикалык кеңеш (темалары):*** | 1. 1-4-класстардын кийинки класска көчүрүү жөнүндө<br>2. 5-8- жана 10-класстарды көчүрүү экзаменин тапшырууга уруксат берүү<br>3. 9-, 11-класстарды мамлекеттик жыйынтыктоочу сынакты тапшырууга уруксат берүү<br>4. Мамлекеттик үлгүлүү билим тууралуу документке жазылуучу окуу предметтерин тактоо<br>5. Ар түрдүү маселелер<br><br>**30.05.2019-ж.** Көчүрүү экзамендердин жыйынтыгы.<br>5-8-, 10-класстардын кийинки класска көчүрүлүшү.<br>**13.06.2019-ж.** 9-,11-бүтүрүүчү класстары жана негизги жалпы билим жөнүндөгү күбөлүктү. Жалпы орто билими жөнүндөгү аттестатты тапшыруу жөнүндө |

2019-жылдын 20 майында № 5 Пед кеңешме өткөрүлдү. Пед кеңешмеде 1-4-класстардын кийинки класска көчүрүлүшү боюнча маселе каралды. Мында жыл жыйынтыгы боюнча 1-4-класстын окуучулары окуу программасын толук окуп, кийинки класска көчүрүү жөнүндө чечим кабыл алынды: 1а, 1б-кл. – 28 окуучу 2-класска көчүрүлдү; 2-кл. – 18 окуучу 3-класска көчүрүлдү; 3-кл. – 16 окуучу 4-класска көчүрүлдү; 4-кл. – 11 окуучу 5-класска көчүрүлдү.

5-8-кл. жан 10-класстарга көчүрүү экзаменин тапшырууга уруксат берүү жөнүндө маселе каралды. Мында 5-8-кл. жан 10-класстарда жыл бою "4" жана "5"ке окуган окуучулар экзамен бере турган предметтерден бошотулду. Калган окуучуларга экзаменге кирүүсүнө уруксат берилди. МПМКнын аныктамасы менен окуган окуучулар экзамендeн бошотулду, алар:
( 6-класстын окуучусу – Сатаркульева Ырыскул.
7-класстын окуучусу – Буласбеков Сыймык)

9-, 11-класстарды мамлекеттик жыйынтыктоочу сынакты тапшырууга уруксат берүү жөнүндө маселе каралды. 2018-2019-окуу жылында 9-классты 11 окуучу бүтүрдү. 9-класстын 10 окуучусу экзаменге киргизилсин. 1 окуучу – Эшенов Адиль аныкмама (МПМК) менен окугандыгына байланыштуу экзамендeн бошотулсун деген чечим чыгарылды.

**30.05.2019-ж.** Көчүрүү экзамендердин жыйынтыгы.

5-класс. Орус тилинен жат жазуу жазышты
Бардыгы – 15 окуучу
Бошотулду – 8 окуучу
Киргизилди – 7 окуучу
"5" - 0; "4"- 2; "3"- 5; "2" – 0
Жетишүү – 100%; билим сапаты – 28%

5-класс. Тарыхтан (оозеки)
Бардыгы – 15 окуучу
Бошотулду – 12 окуучу
Киргизилди – 3 окуучу
"5" - 0; "4"- 0; "3"- 3; "2" – 0
Жетишүү - 100%; билим сапаты – 0 %

6-класс. Орус тилинен жат жазуу жазышты
Бардыгы – 12 окуучу
Бошотулду – 6 окуучу
Киргизилди – 6 окуучу
"5" - 0; "4"- 0; "3"- 6; "2" – 0
Жетишүү - 100%; билим сапаты – 0 %

6-класс. Биологиядан (оозеки)

| | | |
|---|---|---|
| | | Бардыгы – 12 окуучу<br>Бошотулду – 5 окуучу<br>Киргизилди – 7 окуучу<br>"5" - 0; "4"- 1; "3"- 6; "2" – 0<br>Жетишүү – 100%; билим сапаты – 14%<br><br>7-класс. Орус тилинен жат жазуу жазышты<br>Бардыгы – 21 окуучу<br>Бошотулду – 9 окуучу<br>Киргизилди – 12 окуучу<br>"5" - 0; "4"- 4; "3"- 8; "2" – 0<br>Жетишүү – 100%; билим сапаты – 33 %<br><br>7-класс. Географиядан (оозеки)<br>Бардыгы – 21 окуучу<br>Бошотулду – 12 окуучу<br>Киргизилди – 8 окуучу<br>"5" - 0; "4"- 1; "3"- 7; "2" – 0<br>Жетишүү – 100%; билим сапаты – 12%<br><br>8-класс. Орус тилинен жат жазуу жазышты<br>Бардыгы – 16 окуучу<br>Бошотулду – 7 окуучу<br>Киргизилди – 9 окуучу<br>"5" - 0; "4"- 2; "3"- 7; "2" – 0<br>Жетишүү – 100%; билим сапаты – 22 %<br><br>8-класс. Англис тилинен (оозеки)<br>Бардыгы – 16 окуучу<br>Бошотулду – 8 окуучу<br>Киргизилди – 8 окуучу<br>"5" - 0; "4"- 0; "3"- 8; "2" – 0<br>Жетишүү – 100%; билим сапаты – 0 %<br><br>10-класс. Орус тилинен жат жазуу жазышты<br>Бардыгы – 9 окуучу<br>Бошотулду – 4 окуучу<br>Киргизилди – 5 окуучу<br>"5" - 0; "4"- 2; "3"- 3; "2" – 0<br>Жетишүү – 100%; билим сапаты – 40 %<br><br>10-класс. Физикадан (оозеки)<br>Бардыгы – 9 окуучу<br>Бошотулду – 6 окуучу<br>Киргизилди – 3 окуучу<br>"5" - 0; "4"- 1; "3"- 2; "2" – 0<br>Жетишүү – 100%; билим сапаты – 33%<br><br>5-8-, 10-класстардын кийинки класска көчүрүлүшү.<br>Жыл жыйынтыгы жана класстан класска көчүрүү экзамендеринин жыйынтыгы боюнча 1-8- |

| | | |
|---|---|---|
| | | жана 10-класстын окуучулары класстын окуучулары кийинки класска көчүрүү жөнүндө чечим кабыл алынды: 5-кл. – 15 окуучу 6-класска көчүрүлдү; 6-кл. – 12 окуучу 7-класска көчүрүлдү; 7-кл. – 21 окуучу 8-класска көчүрүлдү; 8-кл. - 16 окуучу 9-класска көчүрүлдү; 10-кл. – 9 окуучу 11-класска көчүрүлдү;<br><br>**13.06.2019-ж.** 9-,11-бүтүрүүчү класстары жана негизги жалпы билим жөнүндөгү күбөлүктү. Жалпы орто билими жөнүндөгү аттестатты тапшыруу жөнүндө<br>Экзамендин жыйынтыгы боюнча жалпы негизги билим тууралуу күбөлүк 9-класстын бүтүрүүчү-лөрүнө 2019-жылдын 21-июнунда саат 10:00 до салтанаттуу түрдө тапшырылды.<br>11-класстын бүтүрүүчүлөрүнө орто билим тууралуу аттестат 2019-жылдын 24-июнунда саат 10:00 до салтанаттуу түрдө тапшырылды. |
| | ***Усулдук кеңеш (темалары):*** | "Журнал толтуруунун эрежелери"<br>"Жаш адистерге сунуштар"<br>"УБ жетекчилери үчүн сунуштар"<br>"Сабактын түрү жана тиби"<br>"Эссе жазуу көндүмдөрүн калыптандыруу боюнча сунуштар"<br>"Заманбап каражаттарды колдонуунун сапаттуулугу"<br><br>Журналды класс жетекчиле жана предметтик мугалимдер толтурат. Журнал мамлекеттик документ болуп саналат, мектеп мүдүрү тарабынан бекитилет. Ошондой эле журналдын толтурулушуна мектеп мүдүрү, окуу-тарбия иштери боюнча мүдүрдүн орун басары журналдын туура толтурулушуна көзөмөл кылынат. Ар бир сабакка берилген сааттар боюнча окуу жылынын башында журнал туура бөлүштүрүлүшү керек. Ар бир мугалим журнал толтуруу боюнча көрсөтмөнү окуп чыгып, таанышып, көрсөтмө боюнча туура толтурушу керек.<br>Жаш адистерге сунуштар. Сабактын планы күн сайын жазып, текшертип, сабакка өз убагында кечикпей кирүү , сабакты системалуу, тапшырма ылайык өтүү, ар бир окуучуга жекече мамиле жасоону үйрөнүү, өз кесибин сүйүү аны алып кетүүсүнө аракет кылуу, ж.б.<br>"УБ жетекчилери үчүн сунуштар"УБнин планын туура түзүү, бекитүү жана анын аткарылышын көзөмөлдөө. Пландын негизинде иш алып баруу, портфолиолорду түзүү, протоколдорду жазуу, мугалимдердин иш |

| | | |
|---|---|---|
| | | аракетин баалоону сунуштоо.<br>"Сабактын түрү жана тиби". Ар бир мугалим өзүнүн планына жараша табактын типтерин, түрлөрүн колдоно алат. Азыркы талапка ылайык стандарттык сабактардан интерактивдүү сабактар көбүрөөк өткөрүлүүсү сунушталды.<br>Эссе жазууда окуучу киришүү бөлүмүндө тексттин мазмуну менен тааныгын автор тарабынан көтөрүлгөн негизги койгойдун актуалдуулугун ачып көрсөткөн бир-эки сүйлөм жазышы керек. Негизги бөлүктө көтөрүлгөн маселе. "Тема" менен "койгой" түшүнүгүн алмаштырбоо керек жана темадан алыстабоо керек. Текстте козголгон койгойго комментарий берүүдө бул элементтерди эске алуу керек: иллюстрациялык мисал, цитата же сүйлөмдүн номерин көрсөтүү. Эссенин жыйынтык бөлүгүндө автордун көз карашы түз жана ачык берилиши керек. Ал эми корутундуда киришүүдөгү ойлор кайталанбай, ой жүгүртүүнүн жалпыланган жыйынтыгы болушу керек.<br>Заманбап каражаттарды колдонуу билим берүүдө чоң роль ойнойт. Заманбап технологиясы ар түрдүү ишмердүүлүктү жогорку чыгармачылыкта жүргүзүү жана аны үйрөнүү болуп эсептелет. Ал эми педагогикалык технология – бул окуу процессин ишке ашыруу техникасынын мазмуну.Ошондой эле мугалимдин чыгармачылыгы,чеберчилиги, шыгы, жөндөмдүүлүгүнүн негизинде көргөзмө куралдарды, компьютер, интернетти пайдалана билүүсү, эмгекчилдиги болуп эсептелет. |
| | *Мектептин бирикмелери (ишмердүүлүктүн багыттары):* | "Чет тилге болгон таанып-билүү кызыкчылыгын түптөп жаратуу"<br>"Табигый-математикалык УБ"<br>"Сабакта окуучулардын чөйрөгө болгон таанып-билүүчүлүк жана чыгармачылык ишмердүүлүгүн уюштуруу жана коргоо"<br>Мектепте үч усулдук бирикме иштейт.Анын ичинен англис тили"тилчилер" УБне камтылган. Оуучулар чет тилине кызыгышат. Мугалим – Чотонова Н.Т. окуучулар менен англис тили боюнча кошумча сабакты өтөт.<br>Так илимде УБнин жетекчиси – Жылкыбаева А.Ж. Атайын түзүлгөн пландын негизинде иш алып барат. Ошондой эле гуманитардык илимдер УБси да өз ишин пландын негизинде алып барат.Жыл бою сабактардын өтүшү көзөмөлгө алынып турду. Ар бир предмет боюнча декадалар өткөрүлдү. |
| | *Мугалимдердин өз* | Мугалимдер өз билимдерин жогорулатуу үчүн |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | *билимдерин жогорулатуусу:* | атайын курстага барып турушат. Ар бир беш жылда КББА сына окууга барып турушат. Шабданбекова В.Ч. кыргыз тили боюнча барды 2018-жылдын ноябрь айында, Жылкыбаева А.Ж. физика сабагы боюнча 2018-жылдын октябрь айында барышты. | |
| | *Инновациялык ишмердүүлүк (формасын жана багыттарын көрсөтүү)* | Инновациялык ишмердүүлүк боюнча заманбап каражаттарды колдонуу менен окуучулардын чыгармачылыгын өркүндөтүү. Биздин мектепте интерактивдүү доска, проектор жок. Бирок онойдой болсо да мугалимдер ТСО колдонуп, окуучуларга кызыктуу сабактарды өтүшөт. | |
| | *Кесиптик чеберчилик кароо-сынактары жана иш-чаралар:* | *Райондук* | - |
| | | *Областык* | - |
| | | *Республикалык* | - |
| | *ЖОЖ менен байланыштары* | *Кыргызстан* | Ж.Баласагын атындагы КУУ, КРАО. Мед.колледж. |
| | | *Чет мамлекеттер* | - |
| | *Усулдук семинарлар* | *Район* | |
| | | *Область* | - |
| | | *Республика* | - |
| Соц.педагогдун ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары | | К.Маликов атындагы орто мектебинин соц.педагогу Шабданбекова В.Ч. 2018-2019-окуу жылына карата түзүлгөн пландын негизинде төмөнкүдөй иштерди жүргүздү:<br>Мектепте укук бузуулардын алдын алуу максатында мектеп администрациясынан, ЖОИИ кызматкеринен, ата-энелер пед.жамааттан, комитетинен турган "Алдын алуу кеңеши" түзүлгөн. 1. Бейшеналиева Ч.А. – мектеп мүдүрү<br>2.Шабданбекова В.Ч. – соц.педагог<br>3. Карабаева Б.Н. – ПКнын төрайымы<br>4. Күмүшбекова Г. – ата-эне комитети<br>5. Иманалиев Э.М. – ЖОИИ кызматкери<br>6.Турсунбеков Э.Р. – мектеп президенти<br>Соц.педагогдун негизги багыттарынын бири – баланын жашоо тиричилигиндеги орчундуу маселелерди чечүүдө бала менен үй-бүлөнүн, мектептин, коомдук жайлардын, администрациялык органдардын ортосунда алардын кызыкчылыгын жактоо, оор кырдаалга кабылган балдардын социалдык жактан максатка ылайыктуу социалдык чөйрөнү түзүү үчүн шарттарды камсыз кылуу, өспүрүмдөрдүн жүрүм-турумун көзөмөлгө алуу, аларды өз алдынчалыкка, өзүн таанууга жардам берүү, инсандык, кесиптик билимдерди алууга, мамиле түзө алууга жардам көрсөтүү.<br>Жакшы натыйжаларга жетүү үчүн соц.педагогдун негизги багыттары: | |

| | | |
|---|---|---|
| | | - "Билим берүү жөнүндө" мыйзамы, Баланын укуктары жөнүндө Конвенция, нормативдүү актылар (жоболор)<br>- Ата-энелер менен байланыш түзүү<br>- Окуучулардын социалдык абалын иликтоо<br>- Баланын жүрүм-турумуна байланышкан, кыйынчылыктарды, чыр-чатактуу кырдаалдарды, жүрүм-турумдагы кемчиликтерди иликтоо<br>- Ата-энелер менен балдардын мамилелерин жакшыртууга көмөктөшүү<br>- Балдарды коргоо жана социалдык колдоо, өмүрүн жана ден соолугун сактоо боюнча чараларды көрүү<br>- Жетим жана ата-энелердин камкордугусуз калган балдарды турак-жай, пенсия менен камсыздоо боюнча көмөк көрсөтүү<br>- Класстан тышкаркы жана мектептин тышкаркы иштерге тартуу, балдар жана жаштар уюмдары, класстаптары көмөк көрсөтүү<br>- Балдар иштери боюнча комиссияга катышуу<br>- Социалдык педагогикалык кеп-кеңештерди берүү<br>- Алдын алуу, түзөтүү жана калыбына келтирүү ж.б<br>- Талдоочулук-диагностоочулук<br>- Прогноздоо<br>- Ортомчулук<br>- Бала менен жекече сүйлөшүү,үй шарты менен таанышуу<br>- Турмуштук кыйын кырдаалга кабылган балдар менен иш алып баруу<br>- Ата-энелердин камкордугунан ажыраган калган балдар менен иштөө<br>- Акыл-эс же тулку бою жагынан өксүгү бар балдар менен иштөө<br>- Жакыр үй-бүлөдө жашаган балдар.<br><br>Уюштуруу учуру<br>- Аңгеме, анкета, тестирлөө<br>- Баланын документтерин анализдөө<br>- Медициналык колдоо көрсөтүү<br>- Психикалык-педагогикалык колдоо көрсөтүү<br>- Байкоо, мактоо, өздүк делолорун түзүү, жакындан аңгемелешүү<br>- Ишендирүү, жыйынтык чыгаруу.<br><br>Документтерди жаңылоо, тактоо, түзүү.<br>Окуу жылынын башында 2018-2019-окуу |

жылына карата документтерди жаңылоо, толуктоо, тактоо, түзүү иштери менен башталды.

- Соц.педагогдун жылдык планы
- Укук бузуулардын алдын алуу боюнча жылдык план
- 2018-2019-окуу жылында окуучулар менен алып баруучу иштердин планы
- 2018-2019-окуу жылында соц.педагогдун жаш өспүрүмдөрдү тескөөчүгө менен алып баруучу иш-чаралардын планы
- К.Маликов атындагы орто мектебинин ата-энелер кеңешинин биргелешкен иш планы
- Жашы жете элек балдарга карата зомбулук жана катуу мамиле, жайсыз үй-бүлөлүк мамилелердин алдын алуу боюнча иш чаралардын планы
- Каттоодо турган балдар менен алып баруучу иштин планы
- Зыяндуу көндүмдөрдүн алдын алуу боюнча иш план

Окуучулардын социалдык абалы такталып, толуктоолор киргизилип, төмөнкү тизме түзүлдү жана мектептин социалдык паспорту толтурулду:

| КАТЕГОРИЯ | САНЫ |
|---|---|
| Жетимдер | 1 |
| Жартылай жетимдер | 7 |
| Көп балалуу үй-бүлөдөгү балдар | 16 |
| Аз камсыздалган үй-бүлөдөгү балдар | 6 |
| Толук эмес үй-бүлөдөгү балдар | 23 |
| Качкындардын балдары | - |
| Баткенге баргандардын балдары | 3 |
| Чернобылга баргандардын балдары | - |
| Афганистанга баргандардын балдары | - |
| Жашоо шарты оор үй-бүлөдөгү балдар | 1 |
| Майып балдар | - |
| Сырткы эмгек мигранттарынын балдары | 8 |
| Ички эмгек мигранттарынын балдары | - |
| Тарбиялоого оор балдар | 2 |
| Мектепке келбеген балдар | - |
| Мечитке барган балдар | - |
| Туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жок балдар | - |
| Өгөй ата, өгөй эне менен жашаган балдар | 9 |
| Зордук-зомбулукка кабылган балдар | - |
| Апрель окуясына катышкандардын балдары | - |
| Асырандысыз туугандарынынкында | 19 |

| | |
|---|---|
| жашаган балдар | |
| Малчылардын балдары | 2 |
| Акыл-эс жана түлкү боюу жагынан өксүгү бар балдар | 2 |
| Окуй турган бирок окууга тартылбаган балдар | - |
| Ата-энеси майып балдар | 7 |
| **БАРДЫГЫ:** | **106** |

Жыл ичинде мектеп администрациясы, Класс жетекчилер менен чогуу жайсыз үй-бүлөлөрдүн балдарынын окуусу үчүн түзгөн шартын текшеришти, мындай үй-бүлөлөргө рейддер жүргүзүлүп турду.

Мектепте окуучулардын кылмыштарын жана укук бузууга жөндөмдүү шарттарын, себептерин табуу менен алдын алуу максатында соц.педагог, класс жетекчилер менен бирдикте иликтөө жана талдоо иши жүргүзүлдү. Окуучулар арасында опузалоо жана зомбулук көрсөтүү фактыларына бөгөт коюу, алдын алуу боюнча иш чаралардын планы иштелип чыгып, ар бир айга бөлүштүрүлүп, класстык саатар өткөрүлдү. Укук бузуучулук боюнча атайын бурч уюштурулган.

"Тобокел тобундагы" жана мектептин ички көзөмөлүндө турган турган балдар, ошондой эле ынтымагы жок үй-бүлөлөрдүн балдары менен тарбиялык алдын алуу иштери жүргүзүлүп турат.

Жаш өспүрүмдөр жана балдар арасында өзөмүрүнө кол салуунун, жол транспорттук кырсыктарынын алдын алуу үчүн жогорку класстарда видеороликтер көрсөтүлдү. Мектеп рекетин алдын алуу максатында окуучулар арасында сурамжылоо жана анкета жүргүзүү, уюштурулган иш чаранын жыйынтыгы менен мектеп окуучуларынын арасындагы опузалап талап кылуу фактыларын болтурбоо жана алдын алуу максатында класстык сааттардын планы иштелип чыгып, график боюнча өткөрүлдү. Зордук-зомбулукка , сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге кабылган жаш өспүрүмдөрдү реабилитациялоо боюнча атайын алдын ала иш-чараларды уюштуруу жана эрте никеге туруу фактыларын алдын алуу боюнча тематикалык класстык сааттар, ата-энелер чогулушу өткөрүлдү.

**Аткарган ОТИ боюнча мүдүрдүн орун басары: ____________ Тентимишева Г.А.**

**Мектеп мүдүрү: ____________ Бейшеналиева Ч.А.**